# Ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобу (ЫАКТ)

# Функциялары

- Шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна ыкчам чара көрүү
- Кабыл алынган чаралар жөнүндө жарандарга маалымат жеткирүү

БШК



ОШК 30



# ЫАКТны түзүүнүн тартиби


- Укук коргоо органдары БШКнын суроо-талабы боюнча өз өкүлдөрүнүн тизмесин ЫАКТнын курамына киргизүү үчүн жиберет (шайлоо дайындалган күндөн тартып 5 күндөн кечиктирбестен)
- Курамына тиешелүү (борбордук, облустук, райондук, шаардык) деңгээлдеги аймактык жетекчилери жана кызматкерлери кирет
- ЫАКТнын жетекчиси болуп тиешелүү деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын мүчөсү саналат



# МИЛДЕТТЕРИ

- Шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин кайрылууларын жана арыздарын (даттанууларын) кабыл алуу, талдоо жана ыкчам чара көрүү боюнча шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын биргелешкен аракеттерин **координациялоо;**
- Кайрылууларда жана арыздарда (даттанууларда) баяндалган шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылардын аныктыгын **текшерүү** жана ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга маалыматтарды **жөнөтүү**;
- Жарандардын шайлоо укуктарын бузуу жана/же шайлоо комиссияларынын ишине жолтоо болгон аракеттерди токтотуу, ошондой эле коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө **сунуштарды иштеп чыгуу**
- Мыйзам бузуулар жана алар боюнча көрүлгөн чаралар туралуу жарандарга өз убагында тиешелүү **маалыматты жеткирүү**

# ЫАКТнын иштөө алгоритми



**Даттануулар, кайрылуулар жана арыздар, ЖМКдагы, социалдык түйүндөргө жана мессенджерлердеги билдирүүлөр БШК/ОШКнын Ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобуна келип түшөт**

**БШК/ОШК ЫАКТ кабыл алууну жана талдоону жүргүзөт, ар бир билдирүү, кайрылуу жана арыз боюнча аракеттердин алгоритмин иштеп чыгат**

Келип түшкөн бардык кайрылууларды (билдирүүлөрдү, арыздарды) КР БШКнын расмий сайтындагы даттануулар реестринде **жарыяланат** *(шилтеме:* https://www.shailoo.gov.kg/ru/registry/*)* жана күн сайын актуалдаштырат.

ОШК келип түшкөн бардык арыздардын (даттануулардын) кагаз түрүндөгү Реестерин жүргүзөт, ошондой эле маалыматтарды БШКнын расмий сайтындагы даттануулар реестрине жарыялоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.

Маалыматтарды кароонунун жыйынтыктары боюнча БШК/ОШК ЫАКТ бузуулар боюнча кабыл алынган чаралар жөнүндө коомчулукка маалымдоо максатында ЖМКнын катышуусу менен **жумушчу кеңешмелерди, жыйындарды, брифингдерди** өткөрөт.

Эгерде кайрылууда (билдирүүдө, арызда) КРнын Укук бузуулар жөнүндө Кодекси 60 – 62, 64 – 69, 142 (2 б.) бер., КРнын Кылмыш-жаза кодексинин 195-199 бер. каралган кылмыштардын белгилери бар болсо **укук коргоо органдарынын кароосуна берилет**

Укук коргоо органдары КБР МЭЖге каттайт жана **24 сааттын ичинде текшерүү жүргүзөт**

**Шайлоочуларынын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан баштап 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүүдөн мурунку күнү түшкөндө - токтоосуз каралууга тийиш. ("Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамы, 43-б (5б.)*

Кылмыш курамы болгондо же тергөө аракеттери менен текшерүү зарыл болгондо КБРде **катталат**

**Сотко жөнөтүлөт**

КР КЖПК 27-бер. каралган учурларда **сотко чейинки өндүрүш токтотулат.**

**КР УБК 60 – 62, 64 – 69, 142 (2) бер. боюнча укук бузуулардын курамы болгон учурда тийиштүү шайлоо комиссиясына кароо жана чара көрүү үчүн жөнөтүлөт.*

КР КЖПК 27-бер. каралган учурларда **номенклатуралык ишке.**

*КР УБК 60 – 62, 64 – 69, 142 (2) бер. боюнча укук бузуулардын курамы болгон учурда тийиштүү шайлоо комиссиясына кароо жана чара көрүү үчүн жөнөтүлөт.

*Укук коргоо органдары арыздарды, билдирүүлөрдү, териштирүүнүн жүрүшү жөнүндө, ошондой эле алар боюнча кабыл алынган чечимдер тууралуу маалыматты **БШК/ОШК токтоосуз жөнөтүүгө** милдеттүү*

**Укук коргоо органдарынын материалдарынын, тергөөнүн натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимдердин негизинде да өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында карайт жана чечим кабыл алат.*

Эгерде КРнын Укук бузуулар жөнүндө Кодекси 60 – 62, 64 – 69, 142 (2) бер. укук бузуулардын белгилери болсо, **БШКнын Жумушчу топторунун кароосуна берилет**.

**Зарыл болгон учурда **укук коргоо органдары** КР УБЖК 60 – 62, 64 – 69, 142 (2) бер. боюнча жоопкерчиликке тартууга жаткан адамдарды аныктоодо шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтөт.*

Жумушчу топтор арызды (даттанууну) **алдын ала карайт** жана БШК/ОШК **жыйынында кароого киргизет**. Жумушчу топтордун чечимдери сунуш мүнөзүндө болот


**Арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө БШК/ОШК тарабынан арыз (даттануу) каралат, кошумча текешрүү талап кылынган учурда 5 күндүк мөөнөттөн кеч эмес каралат. Добуш берген күнү же добуш берер күндүн алдындагы күнү кайрылуулар (арыздар, даттануулар) токтоосуз каралууга жатат.*


Арыздар (даттануулар) **БШК/ОШК тарабынан жыйындарда каралат.**


**БШК конституциялык-укуктук жоопкерчилик чараларын (оозеки, жазуу түрүндөгү эскертүү, талапкерди каттоодон баш тартуу ж.б.) жана (же) Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопкерчилик чараларын кабыл алууга укуктуу.*

Шайлоо комиссиялары кабыл алган чечимдер, ошондой эле укук коргоо органдарынан келип түшкөн текшерүүнүн жана иликтөөнүн натыйжалары БШКнын расмий сайтына даттануулардын Реестрине киргизүү үчүн токтоосуз **БШКга жөнөтүлүүгө** тийиш.

# Даттануулардын жана мыйзам бузуулардын Реестри



## Шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бузгандык үчүн жоопкерчиликтин түрлөрү:


- Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик
- Укук бузуулар жөнүндө кодекстеги жоопкерчилик
- Кылмыш-жаза кодексиндеги жоопкерчилик

# Шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоо мыйзамдарын бузуу жөнүндөгү иштерди кароо

Шайлоонун деңгээлине жараша шайлоо комиссиялары төмөнкү тартипте укук бузуулар жөнүндөгү иштерди карашат:

Кыргыз Республикасынын Президентин, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жана референдум өткөрүүдө мыйзам бузуулар жөнүндөгү иштерди КР БШКсы, ошондой эле мыйзам бузуу болгон жердеги АШК, ОШКлар карайт

Жергиликтүү кеңештердин депутттарын шайлоодо мыйзам бузууларды тиешелүү АШК карайт



**Шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссиялары тарабынан укук бузуулар жөнүндө иштерди кароонун тартиби жөнүндө жобо**
*(2025-жылдын 1-августундагы №50 БШКнын токтому)*

# УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТЕГИ ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

- *60-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу*
- *61-берене. Шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдерди жана талаптарды аткарбоо*
- *62-берене. Шайлоочулардын жана шайлануучу кызмат ордуна талапкерлердин билип туруп анык эмес маалыматтарды бериүсү*
- ***63-берене. Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акчалай каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу***
  *(Ички иштер органдары бул берененин алкагында укук бузууларды карайт жана жаза колдонот, КР УБКнын 456-беренеси)*
- *64-берене. Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу*
- *65-берене. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу*

- *66-берене. Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалыматтарды жайылтуу*
- *67-берене. Талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын жайылтуусу*
- *68-берене. Жашыруун үгүт материалдарын жайылтуу*
- *69-берене. Үгүт материалдардын жок кылуу же бузуу*
- *142 -берененин 2-бөлүгү. Диний багыттагы объекттерде шайлоо алдындагы үгүт иштерин, чогулуштарды жана саясий мүнөздөгү башка иш-чараларды өткөрүү*
- ***437-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу***

1

- КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 60-62, 64-69-беренелеринде жана 142-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган укук бузуулар аныкталган учурларда, ички иштер органдарынын кызматкерлери укук бузуунун белгилери камтылган материалдарды шайлоо комиссиясына кароого жана чечим кабыл алууга өткөрүп берүүгө милдеттүү, ал эми зарыл болгон учурда, жоопкерчиликке тартылууга тийиш болгон адамдарды аныктоого көмөк көрсөтөт

2

437-беренеде каралган укук бузуулар боюнча прокурор тарабынан иш козголот, соттор карайт жана жаза колдонот (КР УБК 454 б.)

# КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНДЕ БЕРИЛГЕН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

- *195-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тосколдук кылуу*
- *196-берене. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу*
- *197-берене. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу*
- *198-берене. Шайлоону же референдумду өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу*
- *199-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо*

# КАРОО МӨӨНӨТТӨРҮ



**2 күн**

Келип түшкөн арыздары (даттануулары) укук коргоо органдары тарабынан келип түшкөн учурдан тартып 2 күндө кароого милдеттүү (мөөнөттөн мурда шайлоодо – 1,5 күн)

**3 күн**

Кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат (мөөнөтүнөн мурда шайлоодо – 2 кун)

**0 күн**

Арыздар (даттануулар) добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдындагы күнү токтоосуз каралуусу тийиш

**Прокуратура органдары, ички иштер органдары арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт**
**43 берене (5 б.)**

**Арыздары (даттанууларды) кароодон баш тартылган учурда, прокуратура органдары, ички иштер органдары баш тартуунун негиздерин баяндоо менен чечимдин көчүрмөсүн токтоосуз берүүгө милдеттүү**
**43 берене (6 б.)**

# КР БШК ЫАКТнын Катчылыгы

1. Кыска номер – 1255
2. WhatsApp – 0506 809 -909
3. Ишеним телефону – 0312 62-63-24
4. Электрондук адрес – kgor@shailoo.gov.kg
5. Коомдук кабылдама – 0312 66-02-40